КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

09-ноябрь 2022-ж. № 15

Бишкек ш.

**Тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 2-декабрындагы №27 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2022-жылдын 27-октябрындагы № 477 токтомунун (№ 8э/к-4/2 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңештин 09.00.03 – философиянын тарыхы (авторефераты бюнча), 09.00.11 – социалдык философия (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор Саралаев Нур Керимкулович Кыргыз Республикасынын УИАсынын А. А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча диссертациялык кеңештин курамына киргизилип жаткандыгына байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын жана тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңештин төрагалыгынан бошотулсун.
2. Эксперттик кеңештин 09.00.11 – социалдык философия (авторефераты бюнча), 09.00.01 – онтология жана таануунун теориясы (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор Амердинова Магира Мунаждиновна Кыргыз Республикасынын УИАсынын А. А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча диссертациялык кеңештин курамына киргизилип жаткандыгына байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
3. Кыргыз Республикасынын УИАсынын вице-президенти, философия илимдеринин доктору, профессор, академик Тогусаков Осмон Асанкулович 09.00.01 – онтология жана таануунун теориясы (авторефераты боюнча), 09.00.03 – философиянын тарыхы

(эмгектеринин жыйындысы) адистиктери боюнча философия илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин жана эксперттик кеңештин төрагасы болуп дайындалсын.

4. Эл аралык «Ала-Тоо» университетинин жалпы билим берүүчү дисциплиналар факультет аралык кафедрасынын профессору, философия илимдеринин доктору, профессор Эдилова Мариям Миталиповна 09.00.11 – социалдык философия (авторефераты боюнча) 09.00.03 – философиянын тарыхы (эмгектеринин жыйындысы) адистиктери боюнча философия илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**